КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК
КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ
ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК
АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ
СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____**№**_____ Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун Стандартын бекитүү жөнүндө

Мамлекеттик жарандык кызматчылардын коррупцияга каршы жүрүм-турумуна бирдиктүү талаптарды камсыз кылуу, коррупциянын алдын алуу, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо жана жөнгө салуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) ишинде аныкталган коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 30-июнундагы № 490-т тескемесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 232 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Агенттик жөнүндө жобону жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам**:

1. Агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун Стандарты (мындан ары – Стандарт) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана аймактар аралык башкармалыктарынын жетекчилери:

– ушул буйрук менен бекитилген Стандарттын талаптарын мамлекеттик жарандык кызматчылар тарабынан аткарылышын камсыз кылышсын;

– мамлекеттик жарандык кызматчылардын белгиленген коррупцияга каршы чектөөлөрдү, тыюу салууларды жана талаптарды сактоосун камсыз кылышсын;

– өз компетенциясынын чегинде коррупциялык тобокелдиктерди аныктоону, алдын алууну жана минималдаштырууну, кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алууну жана жөнгө салууну камсыз кылышсын.

3. Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмүнө Агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчыларын жумушка кабыл алууда ушул Стандарт менен милдеттүү түрдө таанышторууну, ошондой эле ушул буйрук жана бекитилген Стандарт менен Агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчыларын таанышторууну камсыз кылуу тапшырылсын.

4. Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмүнө ушул буйруктун Агенттиктин расмий веб-сайтына белгиленген тартипте жайгаштырылышын камсыз кылуу тапшырылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Б.С. Усеналиевага жүктөлсүн.

Директордун милдетин
убактылуу аткаруучу,
директордун орун басары **Р.А. Кубаталиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____**№**_____ Бишкек ш.

Об утверждении Стандарта антикоррупционного поведения государственных гражданских служащих Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики

В целях обеспечения единых требований к антикоррупционному поведению государственных гражданских служащих, предупреждения коррупции, предотвращения и урегулирования конфликта интересов, минимизации коррупционных рисков, выявленных в деятельности Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Агентство), в соответствии с распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 30 июня 2026 года № 490-т, постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 апреля 2026 года № 232 «Об утверждении Положения о порядке выявления, оценки и управления коррупционными рисками в государственных органах и органах местного самоуправления Кыргызской Республики», руководствуясь Положением об Агентстве, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 258, приказываю:

1. Утвердить Стандарт антикоррупционного поведения государственных гражданских служащих (далее – Стандарт) Агентства согласно приложению к настоящему приказу.

2. Руководителям структурных подразделений и межрегиональных управлений Агентства:

– обеспечить выполнение государственными гражданскими служащими требований Стандарта, утвержденного настоящим приказом;

– обеспечить соблюдение государственными гражданскими служащими установленных антикоррупционных ограничений, запретов и требований;

– выявлять, предупреждать и минимизировать коррупционные риски в пределах компетенции.

3. Отделу кадрового, финансового и административного обеспечения обеспечить обязательное ознакомление государственных гражданских

служащих Агентства со Стандартом при приеме на государственную гражданскую службу, а также ознакомление государственных гражданских служащих Агентства с настоящим приказом и утвержденным Стандартом.

4. Отделу кадрового, финансового и административного обеспечения обеспечить размещение настоящего приказа на официальном веб-сайте Агентства в установленном порядке.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Б.С. Усеналиевой.

Временно исполняющий
обязанности директора,
заместитель директора **Р.А. Кубаталиев**